# ЖАШТАР ҮЧҮН УЛУТ АРАЛЫК КАРЫМ–КАТНАШ МАДАНИЯТЫНЫН МААНИСИ

**АСИПОВА Н.А.**
КТМУ, Педагогика жана коомдук илимдер кафедра башчысы

Бүгүнкү Кыргызстан көптөгөн ар кандай улуттардын мекени. Тышкы же ички миграцияга, жер которуу процесстеринин күч алышына карабастан Кыргызстан көп улуттуу республика болуп кала берет. Себеби, акыркы мезгилге мүнөздүү болгон демократиялык процесстердин шартында биздин өлкө башка мамлекеттер, өлкөлөр жана алардын граждандары үчүн ачык эшик жана меймандостук саясатын жүргүзүп келет. Анын натыйжасында Кыргызстанда көптөгөн биргелешкен өндүрүштүк мекемелер, окуу жайлар, соода–сатык ишканалары жана социалдык–маданий уюмдар пайда болду.

Эгерде Совет мезгилинде 80ден ашуун улуттардын өкүлдөрү жашап жана ар кандай карым–катнашта турса, бүгүнкү күндө ал карым–катнаштар мазмуну, формасы, саясий, экономикалык жана маданий негиздери боюнча жаңылынууга, өзгөрүүгө дуушар болууда.

Бир эле мисал, эгерде мурда Кыргызстан бир гана системадагы, бирдей саясий түзүлүштөгү, бир эле мамлекет ичиндеги улут аралык карым–катнаштарды ичине камтыса, бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы экономикалык деңгеели боюнча ар кандай, саясий багыттары көп кырдуу, диний көз караштары ар түрдүү, маданияты боюнча ар башка көптөгөн өлкөлөр менен дипломатиялык карым–катнаш түзүп, кызматташтык мамилелерди өрчүтүүдө. Мунун натыйжасында улут аралык маданият маселелери мамлекеттик жогорку дипломатиялык деңгеелдеги саясий проблемалардан гана болбостон, кадыр эсе ар бир коллективдин, үй бүлөнүн, мекеменин , ар бир исандын күнүмдүк карым–катнашындагы адеп–ахлактык маданий маселелерге айланууда.

Ушулардын бардыгы жаштар үчүн улут аралык мамилелердеги, карым–катнаштагы маданиятты калыптандыруу жалпы тарбия иште–риндеги бирден бир орчундуу маселелерден экендигигнен кабар берет.

Бирок, улут аралык карым–катнаш маданияты жөнүндө сөз кылаардан мурда жалпы эле «маданият» түшүнүгүнө токтоло кетүүбүз оң, себеби илимий чөйрөдө бул түшүнүккө ар кандай маани, ар түрдүү аныктамалар берилип келет.

Түпкү маанисинде латындын «culture» деген сөзү бир нерсени иштетүү, өзгөртүү дегенди билдирип, кийинчереек кайра жаратуу, байытуу, өрчүтүү дегенди билдирет. Мааниси өтө кеңири болгондуктан маданияттын 300дөн ашуун аныктамасы кездешет.

Аныктамалардын ичинен бизге жакыны жана керектүүсү тарбиянын өзү дагы маданияттын көрсөткүчү, коомдук маданияттын өсүшүнүн бир белгиси экендигинде жатат. Себеби тарбия аркылуу бир

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

муундун, бир элдин, бир улуттун маданияты экинчи муунга, экинчи бир элге, улутка өтүп тим болбостон, маданияттын дагы бир жаңы катмары, түрү, белгиси, формасы жаратылат жана аны улам кийинки муунга жеткирүү ишке ашат.

Демек, маданият бул динамикалуу, ошол эле мезгилде тарыхый конкреттүү мүнөзгө ээ болгон түшүнүк. Муун алмашкан сайын маданият белгилери дагы өзгөрүп, өнүгүп, байып жана жаңырып жүрүп олтурат.

Ошону менен катар маданият улуттук мүнөзгө ээ болгон көрүнүш. Улуттук маданияттын ичинде ошол улутка мүнөздүү болгон тышкы көркөмдүк (мисалы, кийим–кечек, эмерек ж.б.) белгилери гана сакталбастан, ошол улутка тиешелүү тил маданияты, дин маданияты, жашоо–тиричилик маданияты, жүрүм–турум маданияты, тамак–аш маданияты,ишмердик ж.б. маданияттын көптөгөн көрсөткүчтөрү кирет.

Жалпылап айтканда, бир улутту экинчи бир улуттан айырмалап турган белги (эгерде биологиялык же антропологиялык белгилерди эсепке албаганда) ал элдин улуттук маданияты болуп эсептелет.

Мындай мданияттын көрсөткүчтөрүнө: тигил же бул улуттун адеп–ахлак эрежелери, эстетикалык табити,гуманистик көз карашы, дүйнө таануусу, эр азаматтар жөнүндөгү идеалдары келечектеги муундарды тарбиялоо ж.б. маданият түшүнүктөрү кирет. Бул түшүнүктөрдүн бардыгы жалпы адамзаттык (общечеловеческое) мааниге ээ богону менен ар бир улуттун маданий өзгөчөлүгүнө жараша ар башка же айырмачылыктарга ээ десе болот.

Улут арасындагы айырмачылыктар улут аралык мамилелерде, карым–катнаштарда таасын көрүнөт. Акыркы мезгилдеги ар кайсы өлкөлөрдүн эгемендүүлүккө ээ болушу «улут факторунун», «улут масе–лесинин» кайрадан жаңылануусуна, жаңырышына алып келди жана «улуттук реносанс» көрүнүшүнүн күч алаышына жол ачты. Мунун натыйжасында ар бир улут өкүлүнүн өз элинин адамзат тарыхындагы ордун, салмагын, салымын аныктоого болгон аракетин күчөттү. Натый–жада улуттук аң сезимдин өрчүшү, курчушу, жаңыланышы байкалат.

Ар кандай тарыхый кырдаалдарда улуттук аң сезимдин күчөшү кандайдыр бир деңгээлде табигый көрүнүш. Бирок, ар кандай социалдык байкоолор көрсөткөндөй ошол «улуттук аң сезимдин» тегерегинде улутчулдук элементтер дагы күч алышы мүмкүн. Башкача айтканда, айрым маданияты тайкы адамдар улуттук аң сезимди улуттар арсындагы мамилелерди татаалдашдыруу максатында пайдаланышат. Карапайым адамдар арасында бир улутту экинчи улуттан жогору коюп, улут айырмачылыктарына басым жасоо менен ар кайсы улуттардын өкүлдөрүн кагыштырууга түрткү болушат. Буга экономикалык кыйынчылыктар, адеп–ахлактык кемчиликтер кошулганда улут аралык чыр–чатактар келип чыгат.

Демек, бүгүнкү социалдык чөйрө жалаң гана оң таасирлүү фактор болуудан алыс. Бул себептен мурдакы заманда идеологиялык басым астында жаткан коомго жат көрүнүштөр күч ала баштайт. Буга уруулук, жердештик факторлор кошулганда жалпы коомдун өсүп–өнүгүшүнө жат жана аны артка тарткан күчтөргө жол ачылат.

Биз сөз кылып жаткан терс көрүнүштөрдүн бардыгы биринчи иретте

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

дүйнө таануу көз карашы анча калыптана элек сырткы таасирлерге көп туруштук бере албаган жаштар үчүн өтө зыяндуу болуп саналат. Андыктан жаштар арасында улут аралык мамилелер, карым—катнаштар жөнүндө, ал мамилелердин мазмуну, социалдык негиздери, өнүгүү жолдору туралуу таалим—тарбия иштерин күчөтүү зарылчылдыгы келип чыгат.

Улут аралык карым—катнаштардын ар кандай жолдору жана деңгээли бар. Алсак, улут аралык карым—катнаштын институтционал—дык (расмий) деңгээли болушу мүмкүн. Мындай мамиле тигил же бул мамлекеттер ортосундагы саясий, экономикалык жана маданий мамилелерди же элчилик, дипломатиялык иштерге мүнөздүү. Мындай мамилелер, карым—катнаштар атайын расмий протокол боюнча жүргүзүлөт. Ал эми улут аралык мамилелердин инсандар ортосундагы деңгээли ар улуттагы адамдардын өз ара күнүмдүк карым—катнаштарын өз ичине камтыйт. Ошол эле мезгилде, улут аралык мамилелердин институтционалдык деңгээлиндегиси туура чечилсе,улут маселелеринин инсандык деңгээлине сөзсүз таасир тийгизет.

Улут аралык мамилелердин инсандар арасындагы формалары: баарлашуу, алака түзүү, жолдош, дос күтүү, үй—бүлө куруу, өз ара кызматташтык мамилелер, өз ара жардамдашуу ж.б.у. сыяктуу болуп бөлүнүшү мүмкүн. Ошентип, улут аралык карым—катнаштарды өз ичине эки же көп улуттун өкүлдөрүн камтыган, кандайдыр бир жалпы ишмердиктин зарылчылдыгынан келип чыккан ар кандай улуттагы адамдардын өз ара мамилелери деп аныктаса болот. Мындай улут аралык мамилелердин социалдык жана психлогиялык маанайы, мазмуну, андай мамилелерге катышкан адамдардын улуттук маданият үлгүлөрүн алып жүрүүсү менен бирдикте, ошол эле мезгилде ал адамдын жеке инсандык адеп—ахлактык дареметине жараша болот. Башкача айтканда, көп улуттуу өлкөдө жашап жана иштеп жаткан адамдардын социалдык, психлогиялык коопсуздугу, ыңгайлуулугу, улут аралык мамилелердин тереңдиги жана бекемдиги андай мамилелерге катышкан адамдардын адеп—ахлактык деңгээлине, жалпы маданиятына, инсандык беделине, психолгиялык багытына ж.б. инсандык касиеттерине байланыштуу болору шексиз.

Ошол эле мезгилде улут аралык мамилелерде улут аралык маданияттын айырмачылыктары, жетишкендиктери даана көрүнөт. Демек, көп улуттуу мамлекет, коом, өлкө болгондон кийин улут арасындагы айырмачылыктардын болушу табигый нерсе.

Коомдук таалим—тарбия иштериндеги эң орчундуу маселе, бул улуттар арасындагы маданият белгилериндеги өзгөчөлүктөргө тарбиялык басымдын туура коюлушунда жатат. Мисалы, эгерде биз ар дайым улут айырмачылыктарына басым жасасак, анда адамдардын аң сезиминде ошол айырмачылыктар бекийт жана сакталат. Ал эми улуттар арасындагы маданияттын жалпы адамзаттык, окшоштук белгилерине басым жасасак, анда ар кандай улуттар жөнүндөгү жалпылык, биримдик идеясы калыптанат.

Улуттар арасындагы мамилелерде көптөгөн социалдык жана психлогиялык проблемаларды туудурган маселе улут айырмачылыктары болгондуктан, ушул маселеге кеңирирээк токтолмокчубуз.

Жалпысынан алганда маданий айырмачылыктар эки деңгээлде

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

болушу мүмкүн. Биринчиси: жалпы адамзаттык деңгеелдеги ар кандай улуттагы элдер арасындагы айырмачылыктар. Мисалы,батыш маданияты, чыгыш мадияты, Кыргыз маданияты, Түрк маданияты, Орус маданияты ж.б. Экинчиден: бир эле улуттагы адамдардын маданиятындагы айырмачылыктар же территориялык, регионалдык маданият белгилери. Мисалы, буга түштүк кыргыздар жана түндүк кыргыздар маданиятындагы айрым өзгөчөлүктөр кирет. Белгилүү социолог А.И. Кравченконун пикири боюнча «...маданий айырмачылыктар бир эле символдун, норманын, эреженин, баалуулуктун ар кайсы элдердерде ар кандай мааниге ээ болгондугунан келип чыгат» (**Кравченко, 1995: 48**) Мисалы,түндүк америкалык адам баарлашуу учурунда өзүнүн өнөгүнөн бир топ алыс аралыкта турганды жакшы көрүшөт. Ал эми ошондой эле шартта түштүк америклак латын өлкөсүнүн өкүлү аңгемелешүү учурунда өзүнүн өнөгүнө өтө жакын келип сүйлөшүүнү жактырат. Ошентип латын америкалык жакындаган сайын түндүк америкалык алыстоого аракет кылат. Мындай улуттук белгилер же айырмачылыктар өтө көп. Мисалы, англичандар кандай гана кат жазбасын «кымбаттуу сэр» деп башташат. Бул сөзсүз түрдө кат жөнөтүлүп жаткан адамдын, кат жазып жаткан адам үчүн кымбат экенин билдирбейт. Бул тек гана англичандардын кат жазуу маданиятынын белгиси. Дагы бир мисал, Европалыктар учурашуу учурунда бири бирине колун сунат, ал эми кытайлар жана жапондуктар баш ийкеп гана тим болушат. Веналыктар (Автрия) аялдар менен таанышып жатып «колунузду өбөйүн» дешет, бирок өппөйт, ал эми поляктар болсо сөзсүз өбүшөт. Биздин жигиттер деле учурашканда кол алышып, анан чекелерин тийиштирип коюшат. Байыркы кыргыздарда «төш кагышып» учурашуу салты болгон экен. Мындай мисалдарды уланта берсе болот. Себеби, ар бир элдин тарыхый өсүп—өнүгүү жолунда өзүнө тиешелүү маданият белгилери, айырмачылыктары сакталып калган.

Улут аралык мамилелерде маданияттын жалаң гана тышкы белгилери сакталбастан, ошол улутка мүнөздүү болгон социалдык — психологияык өзгөчөлүктөр дагы болушу мүмкүн.

Коомдук илимдерде ар кандай улуттарга мүнөздүү болгон социал—дык—психологиялык өзгөчөлүктөрдү жалпысынан улуттук менталитет түшүнүгү мене бириктирип келишет. «Металитет же менталдуулук ошол улутка мүнөздүү болгон интегративдүү, туруктуу, аң сезим, дүйнө тануудагы, жүрүм—турумдагы, психолгиялык багыттардагы руханий деңгеелдеги жалпылык же окшоштук» десе болот. (**Крысько, 1999**)

Улуттун менталитетинде улут өкүлдөрүнүн ар кандай иш аракет—терге: эмгекке, адеп—ахлакка, сулуулукка, коомго, жаратылышка, жалпы эле чөйрөгө, ж.б. материалдык жана моралдык объектилерге болгон мамилеси чагылдырылат. Мисалы, мал менен чоңойгон кыргыз баласынын менталитетинде малга, жалпы жаныбарларга болгон аяр мамилени байкабай кое албайбыз. Ошондой эле жер менен чоңойгон дунган элинин өкүлдөрүн жерге, жерди иштетүүгө болгон мамиле аларды башка улуттардан айырмалап турат.

Улуттун менталитетинде улуттук мүнөз, улуттук аң сезим, каада—салттар, жүрүм—турум көндүмдөрү, эстетикалык табит, философиялык көз караштар, жада калса үй тиричилигиндеги ар кандай буюм тайымдардын жайгаштырылышы, алардын көптүгү же аздыгы сыяктуу

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

белгилер дагы чоң мааниге ээ. Мындан тышкары, улуттук менталитетте ошол улутка мүнөздүү болгон асылдык, коздук, сулуулук түшүнүктөрү (же тетирисинче сулуу эмес, ырайы суук), үй—бүлөдөгү бакыт, таалай түшүнүктөрү, жашоо—тиричилик канондору, жыныстык рольдордогу айырмачылыктар, сылыктык, сабырдуулук ж.б. адеп—ахлак эрежелери даана көрүнөт. Ошондуктан, улут аралык карым—катнашка кирген адамдар, улут өкүлдөрү бири биринин улуттук өзгөчөлүктөрүн, же менталитетин билбей туруп психолгиялык жактан ыңгайлуу же жагымдуу мамилелерге жетүүшүсү кыйын. Себеби, күнүмдүк социалдык карым—катнаштарда биз кайсы бир абстрактуу адам менен мамиле түзбөстөн, конкретүү бир улуттун өкүлү, бир маданиятты алып жүрүүчү менен алака түзөбүз. Ал маданияттын ичинде ошол улутка мүнөздүү болгон тил өзгөчөлүгүн, каада—салттарды,традицияларды, жашоо мүнөзүн, үрп—адаттарды, башкача айтканда улуттун бүтүндөй руханий байлыктарын алып жүргөн конкреттүү инсандар турат. Бул жагынан алып караганда Кыргызстандык изилдөөчү Ш.М. Ниязалиевдин ою боюнча: «Инсандын социалдык жактан калыптануусу өзүнүн улутуна тиешелүү жашоо тиричилик өзгөчөлүктөрүнүн, үрп—адаттардын, салттардын, башкача айтканда бүтүндөй руханий дүйнө таасири астында жүрөт». (**Ниязалиев, 1986: 95**) Мындай таасирлер негизинен микрофак—торлорго таандык, ал эми алардын ичинен үй—бүлөгө өтө мүнөздүү. Бирок азыркы күндүн шартында үй—бүлөдөн же чакан микросоциумдан чыккандан кийин жаштар көп улуттуу макрочөйрөгө аралаша баштайт. Бул чөйрө мектептен, жогорку окуу жайлардан, эмгектик коллектив—дерден башталып бүтүндөй кеңири социалдык чөйрөнү өз ичине камтыйт дагы негизинен көп улуттардын өкүлдөрүнөн турат.

Акыркы убактагы көп улуттуу чөйрөдөгү социалдашуу процессин изилдеген окумуштуулар (Г. Дмитриев, А.И. Кравченко ж.б.) улут аралык мамилелерде маданий факторлорго басым жасоо менен «кросскультур—дуу» (англ. Кросс—кесилишүү, өтүү, биригүү, жана лат. култура—маданият), башкача айтканда маданияттардын кесилишиндеги, же көп маданияттулуктун шартындагы социалдашуу түшүнүгүн киргизүүдө. Мындай пикирдин пайда болушуна бир негиз бар. Жогоруда биз белгилеп кеткендей табигый антропологиялык белгилерге караганда ар кандай улуттар арасындагы социалдык же маданий белгилер басымдуулук кылат, ошондуктан көп улуттуу чөйрөнү көп маданияттар кесилишкен чөйрө деп аныктоого толук негиз бар.

Кросскультурдуу же көп маданияттуу чөйрөгө келүү менен (мисалы, биздин университеттин, биздин республиканын шартында) кандай гана инсан болбосун ал үчүн ар кандай улуттагы адамдар менен карым—катнашка кирүүгө, көп улуттуу маданиятты өздөштүрүүгө, көп улуттуу чөйрөгө ыңгайлашууга туура келет. Мындай шартта улут арасындагы айырмачылыктар даана көрүнүп, айрым учурда адамдар арасында түшүнбөстүктөрдү туудуруусу мүмкүн. Муну менен биз адамдын көп улуттуу, көп маданияттуу чөйрөдө социалдашуусу оңой—олтоң эле жүрө бере турган нерсе эмес экендигин белгилеп кетмекчибиз. Көп маданияттуу шарттагы социалдашуунун социалдык жана психологиялык жактан татаалдыгы социалдык тажрыйбада «маданий шок» же «маданий жактан эстен тануу» кубулушу менен байланыштуу. Мындай «маданий шок» инсан үчүн мурда тааныш эмес жүрүм—турум маданияты, ички

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

сезимди билдирүү жолдору, сүйлөшүү, баарлашуу манералары, сөз менен берилбеген кыймыл аракеттердеги өзгөчөлүктөр (мисалы, садамдашуу, жестер, мимимкалардагы айырмачылыктар), каада–салттар жада калса тамактануу айырмачылыктар, кийим кийүү маданияты ж.б.у. сыяктуу көптөгөн маданий символдорго ыңгайлашуудагы социалдык жана психологиялык кыйынчылыктарды баштан өткөрүү менен чечилет.

Көп маданияттуу чөйрөдөгү социалдашуу ушунчалык татаал болгондуктан айрым учурларда адам өзүн «жоготуп», жалгыз сезип, айлана–чөйрөсүндөгүлөр менен кантип алака түзүүнү билбей, өзүнө көнүмүш болгон маданиятты сагынып, куса болуу фактылары көп кездешет. Мындай көрүнүш өзгөчө бир адамдын башка өлкөгө, башка мамлекетке жер которуу учурундагы биринчи күндөрдө, биринчи айларда зор психологиялык кыйынчылыктарды туудурурат. Психологиялык ыңгайлашуу кыйынчылыктары ушунчалык зор болгондуктан, айрым учурда адам ал өлкөнү же ал маданиятты таштап кеткен учурлар да кездешет. Демек, көп маданияттуулуктун шартындагы социалдашуу психологиялык комфорттун бузулушун, тынчсыздыкты, депрессияны, психлогиялык чыдамсыздыкты (ачуунун тез келиши), көңүлдүн чөгүүсү сыяктуу ж.б. психологиялык ыңгайсыздыктарды алып келиши мүмкүн.

Ошондуктан, жер которгондордун мындай абалдан ийгиликтүү же жеңил чыгып кетишин камсыз кылыш үчүн атайын психологиялык багыт берүүчү программаларды иштеп чыгуу зарылчылдыгы туулат. Ошол эле мезгилде биринчи иреетте социалдык карым–катнашка кире турган улуттардын тилин үйрөнүү зарылчылдыгы келип чыгат. Андыктан, багыт берүүчүлүк прогаммалар тил даярдыгынан тышкары ошол улуттун жашоо тиричилик маданияты, жер шарты, маданий өзгөчөлүктөрү, көндүм иш аракеттери, бош убакытты өткөрүү жолдору, үй–бүлө аралык мамилелердеги айырмачылыктарды ж.б. улуттук өзгөчөлүктөрү менен алдын ала тааныштырууну көздөйт. Андыктан, башка мамлектке, өлкөгө барып билим алууга, иштөөгө жашоого даярданып жаткан адам үчүн атайын багыт берүүчүлүк программалардын болушу сөзсүз керек экен.

Жогорудагыдай социалдык жана психологиялык татаалдыктардын болгондугуна карабастан улут аралык карым–катнаштар инсан үчүн өзүнүн позитивдүү же оң таасирдүүлүгү менен күчтүү. Кандай дегенде дагы көп улуттуу, көп маданияттуу чөйрө инсандын дүйнө таануусун кеңейтип, анын башка элдерди, башка маданиятты өздөштүрүүсүнө, башка шартка ыңгайланышына шарт түзөт. Көп маданияттуу чөйрөдө адам ийкемдүү келип, ар кандай шартка тез ыңгайлашат. Деги эле адамдын (чоң киши үчүн да) өсүп–өнүгүүсү эффективдүү болуш үчүн кезек кезеги менен чөйрөсүн, өзгөчө иш чөйрөсүн которуп туруу керек экендигин көптөгөн социалдык психологдор белгилешет. Ал эми андай чөйрө көп улутуу жана көп маданияттуу болсо, андагы инсандын социалдашуусу андан да көп кырдуу, бай жана, мазмундуу болору шексиз.

Көп улуттуу, демек көп маданияттуу чөйрөдө инсан жөн гана улут маданиятынын сырткы белгилери менен таанышпастан, ал карым–катнашта турган элдердин баалуулук, нарктуулук багыттарын, руханий дөөлөттөрүн, социалдык мүдөөлөрүн жана жүрүм–турум моделдерин

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

өздөштүрөт. Булардын бардыгы биригип келип инсандын маданий жактан байышын камсыз кылат.

Жаңы маданий шартка ыңгайлашуунун тездиги, ийгиликтүүлүгү, натыйжалуулугу ал инсандын жекече же индивидуалдык өзгөчөлүгүнө да байланыштуу болот. Мисалы, мүнөзү боюнча ачык—айрым, кичипейил, адамкерчиликтүү инсандын жаңы маданиятка аралашышы, мүнөзү оор, тоң моюн, бой көтөргөн адамдыкына караганда тез жана ийгиликтүү болот. Мындай байланыштар, ошол эле инсандын башка улуттагы адамдар менен карым—катнашка кирүү даярдыгына байланыштуу да болот. Аталган даярдыктын мазмунун инсан тарабынан болгон психологиялык ийкемдүүлүктү, тилди үйрөнүүнү, дин айырмачылыктарнан кабардар болууну жана улуттук маданияттын башка белгилерин билүүнү талап кылат.

Демек, көп маданияттуу чөйрөдөгү социалдашуу атйын таалим—тарбия иштерин жүргүзүүнү талап кылат экен.

Ошентип, көп улуттуу чөйрөдөгү улут аралык карым—катнаш маданиятын тарбиялоо маселеси келип чыгат.

Улут аралык карым—катнаш маданияты дегенде кайсы бир улут өкүлүнүн башка улут өкүлдөрүнө карата өзгөчө аяр, сабырдуу, алардын улут айырмачылыктарын түшүнүүдөн келип чыккан адеп—ахлак мамилеси деп түшүнсө болот.

Психологиялык жактан алып караганда мындай маданият инсандын башка улуттагы адамдарга болгон адамкерчилик багытын, жылуулук сезимин, аларды түшүнүүгө болгон аракетин, өзгөчө этияр мамилесин, өңүнө, түсүнө карабастан адам катары кабыл алуусун жана урмат сый көрсөтө билүүсүн талап кылат.

Ошондой эле улут аралык карым—катнаш маданияты инсандын жекече маданияты менен тыкыз байланышта туруп, инсан тарабынан ар кандай психологиялык тоскоолдуктарды жеңе билүүнү, жалпылап айтканда инсан тарабынан «социалдык жана психолгиялык компетенттүүлүктү же билимдүүлүктү» талап кылат.

Аталган социалдык жана психологиялык билимдүүлүктүн ажырыгыс бөлүгүн инсандын адеп—ахлактык тарбиясы түзөт. Себеби, күнүмдүк турмушта биз чоң же глобалдуу саясий проблемаларды чечпестен, жөн гана өзүбүздүн жашообуздагы инсандык дараметибизди, адеп—ахлактык маданиятыбызды көрсөтөбүз. Андыктан, улут аралык карым—катнаш маданияты түздөн—түз инсандын адептүүлүгүнө байланыштуу. Жаратылышынан адеби жогору адам улут аралык мамилелерде андан да маданияттуу болууга умтулат. Себеби анын жеке адеп—ахлак маданияты аркылуу башкаларда ошол улуттун өкүлү же ошол улут жөнүндө пикир пайда болот. Психология илиминде бул улуттук стереотип же улут жөнүндөгү көнүмүштүү пикир деген билдирет жана өзүнүн туруктуулугу менен айырмаланат. Мисалы, кайсы бир улуттун өкүлү биринчи ирет башка бир улуттун өкүлү менен карым—катнашка киргенде кандай пикир пайда болсо, (ал пикир оң да терс да болушу мүмкүн) ал пикир бекемделип, башкаларга таркашы мүмкүн. Ошондуктан, кайсы гана улуттун өкүлү болбосун биринчи жолу улут аралык мамилелериге аралашып жатканда өтө кылдат, өтө илберинки,

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

өтө маданияттуу болуусу зарыл. Себеби, биринчи пикир, биринчи көз караш, биринчи көрүмдүн психлогиялык жана адеп—ахлактык мааниси өтө зор. Ушуга байланыштуу кыргыз элинде бир макал бар: «Бир көрмөккө жан бермек».

Улут аралык мамилелердеги адеп—ахлак талаптарынын ичинен эң маанилүүсү бул—толеранттуулук же токтоолук, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк десе болот. Америкалык көрүнүктүү окумуштуу Майкл Уолзер айткандай «Сабырдулук айырмачылыкка жол берет, ал эми айырмачылык сабырдуулукту талап кылат». (**Майерс, 1998**) Демек, айырмачылык болгон жерде сөзсүз түрдө сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, токтоолук керек экен. Улут аралык айырмачылыктардын жакшы же жаманы жок, алар менен тек гана эсептешиш керек. Сабырдуулук менен башкалардын улут айырмачылыктарын түшүнүү, сабырдуулук шартынан пайдалана билүү—бул чыныгы демократиянын адеп—ахлактык белгиси десе болот.

Сабырдуулук болгон жерде конфликке жол берилбейт, тескерисинче компромисске (жол берүү, кечирим кылуу) жол ачылып, консенсуска (макулдашууга) келүү мүмкүнчүлүгү күчөйт. «Жернал оф демокраси» журналынын редакторлорунун бири Лэрри Даймонддун пикири боюнча улут аралык жана башка адеп—ахлак мамилелериндеги негизги парадокс бул—конфликт менен консестун ортосунда жатат. Бул жагынан алганда толеранттуулук компромиске жана консенсуска баруунун цивилизациялуу жана эң зарыл жолу десек болот. Демократиялык коом сабырдуу, конфликтен тышкары, консесуска даяр жана маданияттуу инсандарга муктаж.

Эми, канткенде ар кандай улуттар арасындагы маданиятты калыптандырууга болот? деген суроого жооп берүүгө аракет кылып көрөлү. Биздин пикирибиз боюнча улут аралык мамилелердеги маданиятты калыптандыруунун жолдоруна төмөнкүлөр кирет.

—адамдар арасындагы демократиялык жүрүм—турум маданиятын өстүрүү;

—улут аралык мамилелерде гумандуулук принциптерине басым жасоо;

—толеранттуулукту же сабырдуулукту эң башкы адеп—ахлактык сапат деп таануу;

—ар кандай улуттар арасында бир максаттуу биргелешкен иш аракеттерди уюштуруу;

—инсандын адеп—ахлак маданиятын улут аралык мамилелердеги негизги көрсөткүч катары таануу ж.б.

Аталган таалим—тарбия маселелерин ийгиликтүү чечиш үчүн «Көп улуттуу маданиятты таануу» предмети боюнча сабактарды киргизүү зарыл. Бул предметтин негизги максаты жаштар арасында расизмге (расалык жактан текебердүүлүк) же дискриминацияга, этностук айырмачылыктар боюнча дискриминацялоого, классизмге же зкономикалык жактан дискриминациялоого, лингвицизмге—тил боюнча дискриминациялоого ж.б. социалдык кемчиликтер менен күрөшүүгө жана көп маданияттуу чөйрөдө социалдашууга шарт түзөт.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

## АДАБИЯТТАР

АСИПОВА Н.А. **Научно–педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников**.– Бишкек, 1994.

КРАВЧЕНКО А.И. **Введение в социологию**: Учебн. пособ.–М.: Новая школа, 1995.

НИЯЗАЛИЕВ Ш.М **Нациолнальная психология и ее место в формировании личности**.–Ф.: Кыргызстан, 1986.

СОНДРА МАЙЕРС.–**Демократия–это обмен мнениями**.– Коннектуктский колледж: США, 1998.

**Этнопсихологический словарь**./Под ред. В.Г. Крысько.–1999.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com